


# Теспе менен
# Исага сыйынусуу

# РОЗАРИЙ МАШАЯКЧЫЛАРДЫН ТЕСПЕСИ

«Розарий» роза гүлүнөн жасалган гүлчамбар. Мариям кызды сыйлап урматтагандар Анын келбетин гүлдесте менен коздошчу. Бирок "Розарий" эң баалуу, сыйынуу жана ой жүгүртүүдөн турган гүлчамбар болуп эсептелет.

Жыйын жетекчилери жана ишенгендердин айтымы боюнча Ыйсанын Энеси - Өзү Доминикке (1170-1221) көрүнүп, аны Розарий менен сыйынууга үйрөткөн. XVI кылымда Розарий Европада кеңири таркаган болчу. Папа Григорий XIII бул сыйынуу асмандан экенин белгилеген, ал эми Климент XI 7- октябрды Розарийдин падышасы, Мариям кыздын күнү деп белгилеген. Папа Лев XIII Розарий бул жакырчылыкка жана кыйынчылыка каршы күрөшкөнгө эң күчтүү курал деген. 1915-жылы, Фатимага, Мариям Өзүн Розарийдин Падышасы деп жана бул сыйынууну ар күнү окугула, деп өтүнгөнү көрүнгөн.

Иоанн Павел II мындай деген: «Бул Мариямга кайрылган сыйынуу. Бирок, бул биздин Мариям менен чогуу окуган сыйынуубуз. Суранам силерден - Розарийди окугула. Ким ооруп, кыйналып жатса, тизмени колунан түшүрбөсүн. Кыйналып жаткан убактагы сыйынуу, күчтүү болот».

Розарий бул – тизмет менен оозеки жана ой жүгүртүү аркылуу сыйынуу. Ыйсанын жана Мариямдын өмүр баяны жөнүндө ой жүгүртүп, үлгү-насаат алып, ар бир окуяга оозеки сыйынууларыбызды кошобуз: «Асмандагы Атабыз», «Салам, Мариям», «Ата, Уул, Ыйык Рухка даңк» жана башка кыскача сыйынуулар.

Бүт Розарий 20 окуяны камтыйт; алар беш – бештен турган же жашыруун сырлар, алардын бешөө кубаныч сырлар, Ыйса Машайактын бала чагы; бешөө – жарык сырлар, Анын эрдиги, акырындык менен айкаш жыгачка чыгуу; бешөө – кайгылуу сырлар, Анын азап тартканы жана өлүмү жана бешөө – даңктуу сырлар, бул Ыйса менен Мариямдын түбөлүк асмандагы даңкын эстетет.

Ошентип Розарий 4 бөлүккө бөлүнөт, ар бири бештен жашыруун сырлар деп аталган ой жүгүртүү темаларынан турат.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

***Кубанычтуу сырлар***

1. Жакшы кабар.
2. Мариям Элизабетке келет.
3. Ыйса Машайактын төрөлүшү.
4. Ыйсаны Кудайга арноо.
5. Жоголуп кеткен он эки жашар Ыйсаны Кудайдын ыйбадатканасынан табышат.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

***Жарык сырлар***

1. Ыйса Машайактын Иорданда чөмүлдүрүлүшү.
2. Каана Галилеядагы керемет.
3. Асман Падышачылыгы жөнүндө наасат жана тобо кылууга чакырык.
4. Фавор тоосунда Теңирдин көрүнүшүн өзгөрүлүшү.
5. Евхаристиянын сырынын орнотулушу.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

***Кайгылуу сырлар***

1. Ыйса Машайактын Гетсеман багындагы сыйынуусу.
2. Ыйса Машайактын азапка алынышы.
3. Тикенек таажы кийгизиши.
4. Айкаш жыгачты көтөрүшү.
5. Ыйса Машайактын айкаш жыгачка кадалышы.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

***Даңктуу сырлар***

1. Ыйса Машайактын тирилүүсү.
2. Ыйса Машайактын асманга көтөрүлүүсү.
3. Ыйык Рухтун түшүшү.
4. Мариямдын асман даңкына алынуусу.
5. Мариямга асман даңкынын таажысынын кийгизилиши.

Күнүгө Розарийдин бир бөлүгү окулат. Октябрь – ыйык Розарий айында бүт бөлүгү тартип менен окулат, 1-де биринчи бөлүк, 2-де экинчи, 3-дө үчүнчү, 4-дө төртүнчү, 5-де бешинчи – кайра башынан 1-чи… Башка айларда дүйшөмбү жана ишембиде биринчи бөлүк, шейшембиде жана жумада үчүнчү бөлүк, шаршембиде төртүнчү жана бейшембиде Розарийдин экинчи бөлүгү. Жекшембиде – чиркөөдө майрамга карата окулат: Адвент ( Куткаруучуну күткөн убакыт) жана биринчи - Ыйсанын төрөлгөн күнүнө карата, үчүнчү - Улуу Орозо күнү, Пасхада - төртүнчүсү, жылдын калган башка убагында - экинчиси.

# РОЗАРИЙДИ ОКУУНУН ИРЕТИ:

*Айкаш белгисин жасоо:* ***Ата, Уул, жана Ыйык Рухтун атынан. Оомийин.***

*Шурудагы айкаш жыгачты өпкөндөн соң Розарийдин кириш сыйынуусу окулат:* Теңирибиз Ыйса Машайак! Мен бул Ыйык Розарийди Сенин ысымыңдын даңкы үчүн Сенин Ыйык Энеңдин наамына жана жандардын куткарылашына арнайм.

*Биринчи, шурудагы айкаш жыгач колго алынат жана Элчилердин ишеним символу окулат:* ***Асман-жерди жараткан Кудуреттүү Кудай Атага,*** Ыйык Рухтан бүткөн, Мариям кыздан төрөлгөн, Понтий Пилаттын учурунда азап тарткан, айкаш жыгачка керилген, өлгөн жана көмүлгөн; тозокко түшүп; үчүнчү күнү өлгөндөрдөн тирилген, асманга көтөрүлгөн, Кудуреттүү Кудай Атанын оң жагында отурган, ал жактан өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттош үчүн келе турган Анын жалгыз Уулу Теңирибиз Ыйса Машайакка ишенем. Ыйык Рухка, Ыйык Жыйынга, ыйыктардын мамилесине, күнөөлөрдүн кечирилишине, дененин тирилүүсүнө жана түбөлүк өмүргө ишенем. Оомийин.

*Андан кийин биринчи мончок кармалып Асмандагы Атабыз (Теңирдин сыйынуусу) окулат:* "Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын. Бизге күнүмдүк наныбызды бер. Бизге жамандык кылгандарды кечиргенибиздей, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр. Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта. Анткени Падышачылык да, күч да, даңк да түбөлүккө Сага таандык. Оомийин."

*Кийинки үчөөндө – үч жолу* ***Шаттан, Мариям (Периштелердин саламдашуусу )*** *ишенимдин, үмүттүн жана сүйүүнүн көбөйүүсү үчүн:* Салам Мариям, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Теңир сени менен! Аялдардын ичинен сен баталуусуң, ичиңдеги бала да баталуу! Теңирдин Энеси, Ыйык Мариям, биз үчүн, күнөөкөрлөр үчүн азыр жана өлүм убагында сыйын. Оомийин.


*Мындан кийин* – Кудай Атага, Ыйса Машайакка жана Ыйык Рухка кылымдан кылымга даңк. Оомийин.

*Бул сыйынуулар Розарийге болгон киришүүнү түзүшөт. Мындан кийин бөлүмдүн жана биринчи сырдын аталышы жарыяланат. Чоң мончокто* ***Асмандагы Атабыз*** *окулат, кичинекейинде – 10* ***Шаттан Мариям.***

*Ар бир сырдын аягында* ***Атага Даңк*** *айтылат жана сыйынуу кошулат:* ***Оо Мариям,*** биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйын, Сага келгендер үчүн жана сенден коргонуч издебегендер үчүн, өзгөчө Ыйык Жыйындын душмандары үчүн жана Сага арналгандардын баары үчүн.

***Оо ырайымдуу Ыйса!*** Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду.

***Розарийден кийинки сыйынуу: Кудайым, Сенин Жалгыз Уулуң*** Өзүнүн өмүрү, өлүмү жана тирилүүсү менен түбөлүк куткарылууга жол ачты. Сенден суранабыз: бизди ушул Ыйык Мариямдын Кыздын ыйык Розарийиндеги сырлары жөнүндө ой жүгүртүү менен андагы берилген үлгүлөрдү аткарганга жана берген убадаларыбызды орундатканга ылайык болгудай кыла көр. Ыйса Машайактын Ысымынан Оомийин.



# РОЗАРИЙДИ ОКУУДАГЫ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

***КУБАНЫЧТУУ СЫРЛАР***



*Биринчи кубанычтуу сыр - Жакшы кабар:* “Периште Ага мындай деп жооп берди: «Сенин үстүңө Ыйык Рух түшөт. Сени Бардыгынан Жогору Тургандын күчү каптайт. Ошондуктан төрөлө турган Ыйыкка Кудайдын Уулу деген ысым берилет(...) Ошондо Мариям: «Мен мына, Мен Теңирдин кулумун. Мага сен айткандай болсун» - деди.*(Лк.1:35,38)*

Ошондуктан, “Кудайдын Энеси” деген, Анын кадыр баркын билдирген, Мариям кызды биз сыйлап, урматтайбыз.”

*Сырдын жемиши – баш ийүү.*

*Экинчи кубанычтуу сыр - Мариям Элизабетке келет:*

“Үнүн бийик чыгарып , мындай деди: «Аяпдардын ичинен Сен баталуусуң, ичиңдеги бала да баталуу! Теңиримдин энеси мага келгендей, мен киммин? Анткени Сенин саламыңды укканымда, ичимдеги бала кубанычтан туйлап жиберди “(Лк.1:42-44)

“ Өзүнүн тууганынын үйүнө Мариям кубаныч алып келет, анткени Ал Машайакты көтөрүп жүргөн.”

*Сырдын жемиши – жакынга болгон сүйүү.*





*Үчүнчү кубанычтуу сыр – Машайактын төрөлүшү:* “Алар Бейт-Лехемге келишкенде, Мариямдын төрөөр маалы келип, тун Уулун төрөдү. Аны ороп, сарайдагы акырга жаткырды, анткени мейманканада аларга орун жок болчу.”*(Лк2:6-7)*

«Коркпогула! Мен силерге бардык адамдарды сүйүнтө турган чоң кубанычты жарыялайм. Бүгүн Дөөттүн шаарында силер үчүн Куткаруучу төрөлдү. Ал – Машайак Теңир» *(Лк 2. 10)*.

“Ыйса Машайак, Кудай жана  адам. Бул керемет-Кудайдын эң улуу иштеринин бири, бул жөнүндө ар дайым ой жүгүртүшүбүз керек. Кудай денеде элге эркиндик жана тынчтык тартуулаш үчүн келген.

*Сырдын жемиши – жакырчылыктын руху.*

*Төртүнчү кубанычтуу сыр – Ыйсаны Кудайга арноо:* “Мусанын мыйзамы боюнча алардын тазалануу убагы бүткөндөн кийин, алар Ыйсаны Теңирдин алдына алып баруу үчүн, Иерусалимге алып келишти.” *(Лк.2:22)*



“Тазалануу! Сен жана мен тазаланууга муктажбыз! Куткарылуу жана Куткарылуудан да жогору – Сүйүү”.

*Сырдын жемиши – тазалык жана тил алчаактык.*



*Бешинчи кубанычтуу сыр - Жоголуп кеткен өспүрүм Ыйсаны Кудайдын ыйбадатканасынан табышы:* “Үч күндөн кийин Аны ийбадатканадан табышты (...); жана Энеси Ага: «Балам, бул эмне кылганың? Ыйса аларга: Мени эмнеге издейсиңер? Атамдын үйүндө болушум керек экендигин билген эмес белеңер – деди?” (...)». *(Лк.2:46-49)*

“Кудайдын Энеси чарчабастан Өзүнүн  Уулун издейт, Ал буга күнөөлүү эмес болчу. Эгерде, биз жеңил ойлуулук кылып же күнөө кылып Машаякты жоготуп жиберсек, Ал Аны кайра тапканга жардам берет”.

*Сырдын жемиши – Машайакка ээ болуу каалоосу.*

## ЖАРЫК СЫРЛАР

*Биринчи жарык сыр – Ыйсанын Иорданда сууга чөмүлүүсү:* "Чөмүлдүрүү менен Ыйса суудан чыкты. (...) Ошондо асмандан «Бул менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын» деген үн угулду." *(М:16-17).*



Сен Кудайдын баласысың. Чөмүлдүрүү аркылуу алынган өчпөс, түбөлүк мөөрдү унутпа. Кудай сени жыйынга алып келип жаныңа өчпөс түбөлүк мөөрдү коет.

*Сырдын жемиши – Кудайдын уулдары болуудагы улуу жоопкерчилик.*



*Экинчи жарык сыр - Канна Галилеядагы керемет:* "Ошентип, Ыйса Галилеядагы Каннада Өзүнүн эң алгачкы кереметин жасап, Өзүнүн даңкын көрсөттү. Ошондо шакирттери Ага ишенип калышты."

"Мариям-биздин сыйынууда үйрөтүүчүбүз,- карачы, Канна Галилеяда, Ал Уулунан кандай сурап жатат:- артка тартпастан, капаланбай, жана сураганын алып жатат. Андан сыйынууга үйрөнөлү."

*Сырдын жемиши – никедеги сүйүү жана өзүн курмандыкка берүү.*

*Үчүнчү жарык сыр - Асман Падышачылыгы жөнүндө насаат жана тобо кылууга чакырык:* "Жакан камакка алынгандан кийин, Ыйса Галилеяга келип, Кудайдын Падышалыгы жөнүндө жар салып:" «Убакыт келди, Кудайдын Падышачылыгы жакындап калды. Тобо кылгыла, Жакшы Кабарга ишенгиле»- деди.



Кудай талаш-тартышка катышпайт. Ал бир нерсени гана талап кылат: Ага жакындаганды, кайрадан кайрылууну, түзөлүүгө даяр болууну билдирет. (Машайак жанында өтүп бара жатат).

*Сырдын жемиши – тобо кылуу.*



*Төртүнчү жарык сыр - Теңирдин көрүнүшүнүн өзгөрүлүшү:*

Бул сөздөрдү айткандан кийин сегиз күндөй өткөн соң, Ыйса Петирди, Жаканды, Жакыпты ээрчитип, сыйынуу үчүн, тоого чыкты. Сыйынып жатканда, Анын жүзү өзгөрүп, кийими аппак болуп, жаркырап калды. *(Лк.9:28-29)*

Ыйсанын жүрүш-турушунан үлгү алалы. Ал бул жерде Ага тиешелүү болгон атак даңктан баш тарткан (…) Машаякчы ар дайым эстеп жүрүш керек, анткени бүт атак даңк Кудайга!

*Сырдын жемиши – Машайактын жаркыроосун дүйнөгө алып жүрүү.*

*Бешинчи жарык сыр - Евхаристиянын сырынын орнотулушу (Евхаристия – грек тилинен алынып ыраазычылык, ак бата дегенди түшүндүрөт, шарап менен нанды бөлүү, .Ыйсанын кечки тамагы):* …Ошондо Ыйса аларга: «Азап тартарымдын алдында Мен ушул Пасах тамагын силер менен бирге жегенди аябай каалаган элем (…) « Бул нан – силер үчүн бериле турган Менин Денем. Муну Мени эскерүү үчүн жегиле»… «Бул чөйчөк – силер үчүн төгүлө турган Менин каным менен бекитиле турган жаңы келишим». *(Лк.22:15-20)*

Адамдын колунан келбеген нерсе, Кудайда баары мүмкүн. Ал бизге белгини эмес, чындыкты калтырды - Өзүн.

*Сырдын жемиши - Ыйык Евхаристия аркылуу*



## *КАЙГЫЛУУ СЫРЛАР*



*Биринчи кайгылуу сыр - Гетсемандагы сыйынуу:* ...чөгөлөп отуруп мындай деп сыйынды: «Ата, эгерде Сенин эркиңе туура келсе ушул чөйөктү Менин жанымдан кыя өткөрүп жиберчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун!» Ошондо асмандан бир периште келип, Ага күч берди. *(Лк.22: 41-43).*

Ыйсаны сүйгөндөргө - сыйынуу анык сооротуу.

*Сырдын жемиши – Кудайдын эркине баш ийүү.*

*Экинчи кайгылуу сыр – Азапка алуу:* Ушундан кийин Пилат Ыйсаны камчы менен сабаттырды. *( Жакан19:1)*



Жыгачка кадалды. Жарат алды. Анын жарааатталган денесин соккулап сабаган камчынын үндөрү угулуп, күнөөсүз тап таза денесинен, сенин күнөөкөр денең үчүн... (...) – Кара, кара... шашылбай кара ... карачы. Ушулардан кийин, сен дагы эле тобо кылгандан коркпойсуңбу?

«Анын жарааттары менен айыктык» *(Ыш 53. 5).*

*Сырдын жемиши – денени өлтүрүү.*



*Үчүнчү кайгылуу сыр – Тикенек таажынын кийгизилиши:*

Аскерлер тикенектен таажы өрүп, Ыйсанын башына кийгизишти да, үстүнө кочкул кызыл түстөгү чапан жабышты. Анан алар: «Салам, жүйүт Падышасы!» - деп, Аны жаака чапкылашты. *(Жакан 19:1-2).*

Бизчи – сен жана мен – Ага тикенектүү таажы кийгизип, жаака чапкылап, түкүргөнбүз?

*Сырдын жемиши – текеберчиликти жеңүү.*

*Төртүнчү кайгылуу сыр - Айкаш жыгачты көтөрүшү:*

Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөөлү кылды. (2Кор.5:21).

«Ал союлуш үчүн жетеленип келген козу сыяктуу» (Ыш. 53, 7).

Унутпагыла, жыгылбаган ыйык эмес, бирок ар дайым момундук менен жана туруктуулук менен баш ийген ыйык.

*Сырдын жемиши – сыноолордогу чыдамдуулук.*





*Бешинчи кайгылуу сыр - Ыйса Машайактын айкаш жыгачка кадалышы:* Ыйса Энесин жана анын жанында турган сүйүктүү шакиртин көргөндө: « Аял! Бул Сенин уулуң!»- деди. Андан кийин шакиртине: « Бул эми Сенин Энең болсун!»- деди. Ошол убакыттан баштап, ошол шакирти Ыйсанын Энесин колуна алды. *(Жакан 19:26-27).*

Айт: Менин Энем ( анткени Мариям Эне, сага Энең катары берилген). Сенин сүйүүң мени Сенин Уулуңдун айкаш жыгачы менен байланыштырсын. Биздин Ыйсанын эркин ар дайым аткаруу үчүн – менин да, сенин да ишенимиң жана эрдигиң алсырабасын.

*Сырдын жемиши – Кудайга болгон сүйүү жана жандардын куткарылышына болгон кызганыч.*

## *ДАҢКТУУ СЫРЛАР*



*Биринчи даңктуу сыр - Тирилүү:* Петир менен ошол шакирт дароо мүрзөгө бет алышты. (...) Анын артынан Шымон Петир жетип келип, мүрзөгө кирди. (...). Анан биринчи келген шакирт да мүрзөгө кирди. Ал көрүп ишенди. Жакан *(20:3-8).*

Машайак тирүү. Биздин ишенимибизди толтурган, ушул улуу чындык. Айкаш жыгачта кадалган Ыйса тирилди. (...) Бул күндү Кудай жараткан: бул күнү кубаналы, көңүлүбүздү көтөрөлү!

*Сырдын жемиши – руханий жаңылануу.*

*Экинчи даңктуу сыр – Жогору көтөрүлүү:* Анан аларды шаардан чыгарып, Бетанияга жакын жерге ээрчитип келди да, колун жогор көтөрүп, аларга бата берди. Бата бергенден кийин, алардан бөлүнүп, асманга көтөрүлүп кетти.*(Лк.24:50-51).*

Бизди Машайак күтүп жатат. Ал эми биздин мекенибиз асманда. *(Фил.3:20).*

Ошол учурда эле биз бул жердин да толук укуктуу тургундарыбыз (...) Күндүн башталышыбы же түнбү, ар дайым Кудай менен сүйлөшкөн жандардан бололу.

*Сырдын жемиши – Машайак менен асманда болуу каалоосу.*





***Үчүнчү даңктуу сыр – Ыйык Рухтун түшүшү:***

... Анан жалындай болгон тилдер бөлүнүп-бөлүнүп, алардын ар биринин үстүнө түштү. Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша ар кандай тилдерде сүйлөй башташты. (...) Ошондо он бир элчинин жанында турган Петир үнүн көтөрүнкү чыгарып, аларга мындай деди: (...) Акыркы күндөрдө мындай болот,- дейт Кудай, "Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, жаш балдарыңар көрүнүш, карыяларыңар түш көрүшөт". *(Элч. иш.2:1-17).*

Мен бат-бат Сооротуучуга келип, Андан дагы акыл сурап, мага Сен айт: Менин баламсың деп, бирок сен эстей жүр, Ыйык Рух – бул айкаш жыгачтын жемиши.

*Сырдын жемиши – элчилик рух.*

***Төртүнчү даңктуу сыр - Жетишүү:***

«Аялдардын ичинен сен баталуусуң!» *(Лк 1. 28).*

Бүт турпатың келишкен, сүйгөн кызым, сенде эч кандай кемчилик жок!

«Таң нурундай жаркыраган, ай сыяктуу суйкайган, күн сыяктуу жарык, туу көтөргөн кошуундай сүрдүү бул Ким?» *(Ырл. Ыры 4:7, 6:10).*

Ошол себептен жардам керек болгон убакта Анын мээримин көрүп, Андан ырайым табыш үчүн, ырайым тактысына кайраттуулук менен жакындайлы. *(Евр.4:16).*

*Сырдын жемиши – тынчтыкта көз жумуу.*





***Бешинчи даңктуу сыр - Мариямга асман даңкынын таажысы кийгизилиши:***

«Теңир Өз кулунун баш ийүүсүн көрдү» *(Лк 1. 48).*

Ата, Уул, Ыйык Рух, Мариам Кызга так ушундай таажысын кийгизип, жана дүйнө жүзүнүн Мырзаайымы катары эсептелди. Ыйсанын Энеси, Ал мага да Эне. Тобо кылуу аркылуу тазаланган алсыздыктарымдан мен Ага таажы кийгизем. Анткени менин кымбат баалуу таштарым да жок, кайрымдуу иштерим да жок. Сен жана мен Ага умтулалы.

*Сырдын жемиши – Ыйык Мариямдын арачылыгына таяналы.*

Айкаш белгисин жасоо: Ата, Уул, жана Ыйык Рухтун атынан. Оомийин.

Элчилердин ишеним символу: Асман-жерди жараткан Кудуреттүү Кудай Атага, Ыйык Рухтан бүткөн, Мариям кыздан төрөлгөн, Понтий Пилаттын учурунда азап тарткан, айкаш жыгачка керилген, өлгөн жана көмүлгөн; тозокко түшүп; үчүнчү күнү өлгөндөрдөн тирилген, асманга көтөрүлгөн, Кудуреттүү Кудай Атанын оң жагында отурган, ал жактан өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттош үчүн келе турган Анын жалгыз Уулу Теңирибиз Ыйса Машайакка ишенем. Ыйык Рухка, Ыйык Жыйынга, ыйыктардын мамилесине, күнөөлөрдүн кечирилишине, дененин тирилүүсүнө жана түбөлүк өмүргө ишенем. Оомийин.

Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын. Бизге күнүмдүк наныбызды бер. Бизге жамандык кылгандарды кечиргенибиздей, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр. Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта. Анткени Падышачылык да, күч да, даңк да түбөлүккө Сага таандык. Оомийин.

Салам Мариям, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Теңир сени менен! Аялдардын ичинен сен баталуусуң, ичиңдеги бала да баталуу! Теңирдин Энеси, Ыйык Мариям, биз үчүн, күнөөкөрлөр үчүн азыр жана өлүм убагында сыйын. Оомийин.

Кудай Атага, Ыйса Машайакка жана Ыйык Рухка кылымдан кылымга даңк. Оомийин.

*Римско-католический Приход*
*Блаженной Матери Терезы Калькуттской*
*ул. Пушкина 20/2*
*720901 Жалал-Абад*
*tel/fax:+3722-22153*